Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

Жамааттык ЖМКлардын Бирлиги

ТЕКШЕРДИМ!

Internews в Кыргызстане

# Акмат менен Ташматтын күндөлүктөрү

Сценарийдин автору
Эльмира Токтогулова, медиаэксперт.



**Кымбаттуу достор!**
Бул Акмат жана Ташмат. Алар эң жакын достордон - айылдын карапайым жигиттери: Акмат сабырдуу, окууга абдан жеңил, токтоо, эстүү, ал эми досу Ташмат абдан эмоционалдуу, ишенчээк жана ушундан улам кызыктуу жагдайларга көп кабылат. Айдана алардын кошунасы жана досу, ал сезимтал, ар дайым жардам берүүгө даяр. Апаке - бул Акматтын акылман, тажрыйбалуу апасы, пенсиядагы дарыгер. Апаке да окуяларда маанилүү ролду ойнойт. Ал эми Майрам менен Сайра – Акмат менен Ташматтын жубайлары.

7 сериядан турган комиксте айыл турмушун чагылдырган башка каармандар да пайда болот. Келгиле, алар менен чогуу биз медиа жана маалыматтык сабаттуулукту жогорулатуу жолунда кызыктуу окуялардан өтүп, сабаттуу болууга үйрөнөбүз!


# 4-серия: Пропаганда сиздин эмоцияларыңызга багытталган: Өзүңдү манипуляциялоого жол бербе!




КАРАГЫЛАЧЫ, КАНЧА КЫЛМЫШ БОЛУП ЖАТАТ, БАРДЫГЫНА МИГРАНТТАР ТҮЗДӨН-ТҮЗ СЕБЕПКЕР!
АЛАРДЫ БҮТҮНДӨЙ ТЕКШЕРИШ КЕРЕК, АР БИРИН!
КИМ БИЛЕТ, ЭМНЕНИ ОЙЛОП ЖҮРҮШКӨНДӨРҮН, БИЗДИН ТИЛДЕ ТАК ДАГЫ СҮЙЛӨШПӨЙТ! БИЗДИН АЯЛДАР МЕНЕН БАЛДАРЫБЫЗ КОРКУНУЧТА!
КАЛП АЙТЫП ЖАТАТ!
КАРАЧЫ, БИР УУЧ КЫЙКЫМЧЫЛ АДАМДАР ЭМГЕКЧИЛ АДАМДАРДЫН АТЫН ДА, ТАГДЫРЫН ДА БУЛГАП ЖАТЫШАТ!
ЖАКШЫЛАП КАРАГЫЛАЧЫ – КӨРСӨТҮҮДӨ МИГРАНТТАРДЫ БАНДИТ КАТАРЫ КӨРСӨТҮҮ ҮЧҮН АТАЙЫН ВИДЕОЛОРДУ КОЛДОНУШКАН, БИРОК КАДРЛАР ҮЗҮЛҮП, БИРИ-БИРИНЕ БАЙЛАНЫШПАГАНДАЙ.
УРОВЕНЬ ПРЕСТУПНОСТИ
СТАТИСТИКА
19%
16%
10%
КЕЛГИЛЕ, БАШКА БУЛАКТАРДЫ ТЕКШЕРИП КӨРӨЛҮ.


ДЕМЕК, ТЕЛЕВИЗОРЛОРДОН БУТ ӨЛКӨГӨ УШУНДАЙ КАЛП МААЛЫМАТТАРДЫ АТАЙЫН ТАРАТЫП ЖАТЫШАТ.
А МУНУН, КЕСЕПЕТИН КИМ ТАРТАТ?
МЫНА, БАЛДАР, ПРОПАГАНДА УШУНДАЙ ИШТЕЙТ.
БИЗ ФАКТЫЛАРДЫ, СТАТИСТИКАНЫ ТЕКШЕРДИК – ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫН БАРДЫК КЫЛМЫШТАРГА АЙЫПТООГО ЭЧ КАНДАЙ НЕГИЗ ЖОК.
ООБА, КЫЛМЫШКЕРЛЕР, БАНДИТТЕР АР БИР ЭЛДЕ, АР БИР ӨЛКӨДӨ, ТИЛЕККЕ КАРШЫ, БАР. БИРОК ЭМНЕ ҮЧҮН БААРЫН МИГРАНТТАРГА ООДАРЫШАТ?
ОШОНДОЙ ЭЛЕ ЧЕТ ЭЛДИКТЕРГЕ БОЛГОН ЖЕК КӨРҮҮНҮ АТАЙЫЛАП КОЗУТКАНДАР ДА БАР. УШУНДАЙ НЕРСЕЛЕРДЕН КАНЧА ЗОМБУЛУК ЧЫГЫП ЖАТАТ – АДАМДЫ БАШКАЧА БОЛГОНУ ҮЧҮН ЖЕК КӨРҮП...
ООБА, БИЗДИН БАЛДАР ДА ОШОГО ИШЕНИП, БИРИ-БИРИН ЖЕК КӨРҮП КЕТИШТИ. ЭМИ ЭМНЕ КЫЛАБЫЗ?
КЕЧИРИП КОЙ, МЕН...
МЕН ТЕЛЕВИЗОРДОН АЙТЫЛГАНДАРГА ИШЕНИП АЛЫПМЫН...


Кыргыздар жапайы, артта калган эл!
136
КАЙРА ЭЛЕ ЭСКИ МИФ! БИЗДИН АТА-БАБАЛАРЫБЫЗ ШААРЛАРДЫ КУРУП, МАМЛЕКЕТТЕРДИ БАШКАРЫП, ОТУРУК ДА, КӨЧМӨН ДА ЖАШОО СҮРҮШКӨН! ЭМНЕ ҮЧҮН ЧЫНДЫКТЫ ТОЛУК АЙТПАЙ ЖАТЫШАТ?
БАШКАЛАРГА ӨЗ ҮСТӨМДҮГҮН ТАҢУУЛОО ҮЧҮН, ӨЗДӨРҮНҮН ЗОМБУЛУГУН АКТОО ҮЧҮН БАСЫЛЫП АЛЫНГАН ЭЛДЕРДИ "АРТТА КАЛГАН" ДЕП КӨРСӨТҮҮ ПАЙДАЛУУ. БИРОК КӨПТӨГӨН ЭЛДЕРДИН ӨЗҮНҮН КӨП КЫЛЫМДЫК ТАРЫХЫ, МАДАНИЯТЫ БОЛГОН...
ОШОНДОЙ! ЧЫНЫНДА БИЗДИН ЭЛДЕРДЕ ЖАЗМА МАДАНИЯТ БОЛГОН, ФИЛОСОФТОР, АКЫНДАР ЖАШАГАН. БИЗ АР КАНДАЙ УРУУЛАРДЫН, ЭТНОСТОРДУН БАШЫН БИРИКТИРГЕНБИЗ, АР КИМ ӨЗ ДИНИН ТЫНЧТЫКТА КАРМАНГАН.
КУРАЛ-ЖАРАК ЖАСОО, МЕТАЛЛ ИШТЕТҮҮ БОЮНЧА УКМУШ ЫКМАЛАР КОЛДОНУЛГАН! МДАА... ДЕМЕК, АДАМДАРДЫН МЭЭСИН ЖУУП ЖАТЫШАТ?
БУЛ АТАЙЫН ЖАСАЛГАН ПРОПАГАНДА!. АЛАР СТЕРЕОТИПТЕРДИ, КОРКУУ СЕЗИМДЕРИН ТАҢУУЛАП, ӨЗ САЯСАТЫН, МИГРАНТТАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУК ЫКМАЛАРЫН АКТООГО АРАКЕТ КЫЛЫШАТ.
БАШКАЛАРДЫ КЕМСИНТИП, ӨЗДӨРҮН ЖОГОРУ КОЮУ – АЛАРДЫН МАКСАТЫ!


ТАШМАТ ЭКИ КҮН БОЮ КИТЕП-КАНАДАН ЧЫКПАЙ, ТАРЫХЫЙ МААЛЫМАТТАРДЫ ИЗИЛДЕЙТ.
АНАН ЖАШТАР МЕНЕН БӨЛҮШҮҮНҮ ЧЕЧЕТ.
БИР НЕРСЕГЕ ИШЕНЕРДЕН МУРУН, ФАКТЫЛАРДЫ ТЕКШЕРГИЛЕ!
АЛАР БАК АСТЫНДА, ДӨҢДӨ ОТУРУП, ТАШМАТТЫН КЫЗЫКТУУ БАЯНДАРЫН УГУШАТ.
КАЙСЫ ТАРЫХТЫ, КАНДАЙ БУЛАКТАРДЫ ОКУП ЖАТКАНЫҢАР МААНИЛҮҮ! МАГА УЯТ, УШУНЧАЛЫК КЫЗЫКТУУ ТАРЫХЫБЫЗДЫ БИЛБЕЙ ЖҮРҮПМҮН!
ДЕМЕК, БИРӨӨ "СИЛЕР ЖАПАЙЫСЫҢАР" ДЕСЕ, АНЫН МАКСАТЫН ТҮШҮНҮШҮБҮЗ КЕРЕК.
ТУУРА! АЛАР БИЗДИ ӨЗҮН ТӨМӨН СЕЗГЕН ЭЛ КЫЛГЫСЫ КЕЛЕТ! БИРОК, БИЛИМ – БИЗДИН КҮЧҮБҮЗ!


АКМАТ, ТАШМАТ, МАЙРАМ, САЙРА ЖУМУШТАН ҮЙГӨ КЕТИП БАРАТЫШАТ.
БҮГҮН ЖУМУШТАГЫ АЙЫМДАР "КЫТАЙДЫН МӨМӨЛӨРҮ БИЗДИ УУЛАНДЫРЫШ ҮЧҮН ЖУГУШТУУ КУРТТАР МЕНЕН ТОЛТУРУЛГАН" ДЕШТИ... АНАН "ВАКЦИНАЛАРДА УУ КОШУЛГАН, АДАМДАРДЫ ӨЛТҮРҮҮГӨ БАГЫТТАЛГАН" ДЕП ЧЫГЫШТЫ...
ПРОПАГАНДА ЖАНА ЖАЛГАН МААЛЫМАТ СЕЗИМДЕРГЕ ТААСИР БЕРҮҮ ҮЧҮН КОЛДОНУЛАТ. ОШОНДУКТАН, МААЛЫМАТТЫ ТЕКШЕРГИЛЕ, БУЛАКТАРДЫ САЛЫШТЫРГЫЛА!
ЧЫНДЫК МИФТЕН КҮЧТҮҮ!
ОЙ, АР ДАЙЫМ ЭЛЕ ЭМЕС! МИСАЛЫ, МЕН САЙРАГА ДАЙЫМ АЙТЫП КЕЛЕМ – МЕН ДҮЙНӨДӨГҮ ЭҢ АКЫЛДУУ, ЭҢ СУЛУУ ЖИГИТМИН ДЕП. БУЛ ЧЫНДЫК ДА, БҮТ КЫРГЫЗСТАН БИЛЕТ! БИРОК АЛ МУНУ КАНЧА ЖЫЛДАН БЕРИ КАБЫЛ АЛБАЙ КЕЛЕТ!
ОЙ, СЕНИН ПРОПАГАНДАҢ ӨТПӨЙТ! СЕН МЕНИН ЭМОЦИЯЛАРЫМ МЕНЕН ЖАКШЫ ОЙНОЙ АЛБАЙСЫҢ, ОШОНДУКТАН АЗЫРЫНЧА ИШЕНЕ АЛБАЙМ!
ХА-ХА-ХА-ХАХ!

**Ой жүгүртүүңүздү өзүңүз башкарыңыз!**
Социалдык тармактар сизди башкарбашы үчүн - сынчыл ой жүгүртүүнү өрчүтүңүз, маалыматты текшериңиз!

**Пропаганда** – бул коомдук пикирге жана жүрүм-турумга таасир этүү максатында атайылап (көбүнчө бурмаланган же жалган) маалымат таратуу. Ал төмөнкү ыкмаларды колдонот:

- **Жек көрүүнүн тили:** Адамдардын белгилүү бир тобун кемсинткен, басынткан сөздөр.
- **Бир тараптуу аргументтер:** Пропаганда жүргүзгөн тарапка гана пайдалуу көз караштар жана маалыматтар берилет.
- **Сезимдерге таасир берүү:** Коркуу, ачуулануу же жек көрүү сезимдерин козутуу.
- **Жалган маалымат жана жарым-жартылай чындык:** Чындыктан алыстаган маалымат же тандалма фактылар, бул болсо жалпы чындыкты бурмалап көрсөтөт.

**Сунуштар:**
- **Маалымат булагын текшериңиз.** Жазган адам ким? Анын максаты кандай? Маалыматты расмий булактардан жана ишенимдүү ЖМКлардан таптаңыз.
- **Ар кандай көз караштарды салыштырыңыз.** Бир эле окуя тууралуу ар түрдүү булактар эмне деп жазып жатканын караңыз.
- **Сезимдерге алдырбаңыз.** Эгер маалымат сизде катуу коркуу, ачуулануу же жек көрүү сезимин жаратса, этият болуңуз – бул манипуляция болушу мүмкүн.

**Пропаганданын кесепеттери:**

**Жек көрүүнү күчөтүп, коомду бөлүп-жаруу** – коомдогу ар кандай топтордун ортосунда ишенимсиздикти, кастыкты күчөтүп, карама-каршылыктарды жаратууга түрткү берет.

**Зомбулукка түрткү берүү** – жалган маалыматтар аркылуу элди козутуп, агрессияны актоого шарт түзөт.

**Психологиялык зыян** – пропаганда адамдардын коркунучун, стрессин жана алсыздык сезимин күчөтөт, коомдо туруктуу тынчсыздануу жаратат.

**Демократияга коркунуч** – элдин пикирин манипуляциялоо аркылуу саясий максаттарды ишке ашырууга аракет кылат.

**Пропагандага алданбайлы!** Ар бир маалыматты текшерели, сынчыл ой жүгүртүү көндүмүн өнүктүрөлү жана жоопкерчиликтүү бололу!